**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

________________№________ Бишкек шаары

**Көп кабаттуу үйлөрдүн ичиндеги электр тармактарынын техникалык тейлөөнү жана оңдоону уюштуруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 4-июнундагы № 319 “Мамлекеттик органдардын укуктук мүнөзгө ээ актыларын кабыл алуу тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык, буйрук кылам:

1. Көп кабаттуу үйлөрдүн ичиндеги электр тармактарынын техникалык тейлөөнү жана оңдоону уюштуруу тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү башкармалыгы ушул буйрукту каттоо жөнүндө өзүнчө журналда каттоосун жүргүзсүн жана “Электрондук документ жүгүртүүнүн мамлекеттик системасы” автоматташтырылган маалымат системасына киргизсин.

3. Электр энергетика башкармалыгы:

- ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин расмий веб-сайтына мамлекеттик жана расмий тилдерде катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде жарыяласын;

- ушул буйруктун электрондук версиясын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу катталган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде Укук маалыматтарынын борбордоштурулган банкына киргизүү үчүн жөнөтсүн.

4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө электр энергетика башкармалыгына жүктөлсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**Организация ремонта и технического обслуживания оборудования внутридомовых электрических сетей многоэтажных зданий**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О порядке принятия актов государственных органов, обладающих правовым характером» от 4 июня 2025 года № 319, приказываю:

1. Утвердить Организацию ремонта и технического обслуживания оборудования внутридомовых электрических сетей многоэтажных зданий согласно приложению.

2. Управлению человеческих ресурсов и делопроизводства произвести регистрацию настоящего приказа в отдельном журнале о регистрации актов и внести в автоматизированную систему «Государственная система электронного документооборота».

3. Управлению электроэнергетики:

- в течение трех дней со дня регистрации настоящего приказа разместить настоящий приказ на государственном и официальном языках на официальном веб-сайте Министерства энергетики Кыргызской Республики;

- в течение семи рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа направить электронную версию через систему электронного документооборота в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Централизированный банк данных правовой информации.

4. Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на управление электроэнергетики.

**Министр** **Т.Ө. Ибраев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**Тиркеме**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИ**

# Көп кабаттуу үйлөрдүн ичиндеги электр тармактарынын техникалык тейлөөнү жана оңдоону уюштуруу

БИШКЕК 2026



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 17-2, 24.02.2026

Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

## Мазмуну

1. Бөлүм 1. Максат………………................................................................ 3

2. Бөлүм 2. Жалпы жоболор………………………………………………….. 3

3. Бөлүм 3. Терминдер жана аныктама……………………………….... 4

4. Бөлүм 4. Техникалык тейлөө ……................................................... 6

5. Бөлүм 5. Үй ичиндеги электр тармактарды оңдоо .......................... 9

6. Бөлүм 6. Техникалык тейлөөнүн жана оңдоонун ченемдик бөлүгү…… 10

7. Бөлүм 7. Техникалык тейлөө жана оңдоо иштерин пландаштыруу…… 19

8. Бөлүм 8. Бүлүнүүлү жана калыбына келтирүү иштери…….......... 20

9. Бөлүм 9. Техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин документтерди түзүү жана бекитүү тартиби…………….. 21

10. Бөлүм 10. Бизнес-план……………………………………….......... 22

11. Бөлүм 11. Техникалык документтер…………………………….. 23

12. Бөлүм 12. Оңдоо жана техникалык тейлөөнү уюштуруу ............ 24

13. Тиркемелер…………………………………………….................. 27

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



№ 17-2, 24.02.2026

Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

## Көп кабаттуу имараттардын үй ичиндеги электр тарамдарынын жабдууларын оңдоону жана техникалык тейлөөнү уюштуруу

### Бөлүм 1. Максат.

1. Бул ченемдик-техникалык документ көп кабаттуу үйлөрдүн ички электр тармактарын (мындан ары - ҮИЭТ) техникалык тейлөөнү жана оңдоону уюштуруунун, жумаштарды каржылоонун, иштерди пландаштыруунун жана аткаруунун, оңдоодон кабыл алуунун, оңдоогон жабдуулардын сапатын баалоонун негизги жоболорун жана тартибин белгилейт.

2. Документтин талаптары Кыргыз Республикасынын Электр тармактар комплексинин РЭТ тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болуп саналат.

3. Ченемдик-техникалык документ (иш кагаз) электр чордоонун жана тармактарын техникалык пайдалануунун колдонуудагы Эрежелеринин негизинде, Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 9-июлунан 2013-жылга чейинки №117, электр энергиясын пайдалануу эрежелеринин негизинде иштелип чыккан (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22-августунан 2012-жылга чейинки токтому менен бекитилген № 576), Кыргыз Республикасында калкка коммуналдык кызмат көрсөтүүнүн Эрежелери (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген 11-декабрь, 2001-жыл, № 783) электр менен жабдуу тутумдарын техникалык тейлөөгө жана оңдоого талаптарды белгилейт, аларды аткаруу алардын ишенимдүү, үзгүлтүксүз жана үнөмдүү иштешин камсыз кылуу үчүн зарыл.

### Бөлүм 2. Кыскартуулар жана аныктамалар

ҮИЭТ Үй ичиндеги электр тармактары

КБТ - киргизүү- Көбүнчө эсепке алуу түйүнү менен айкалышкан бөлүштүрүүчү түзүлүш болуп саналат.

НББТ - Негизги бөлүштүрүү башкаруу тактасы, өзүнчө болушу мүмкүн, бирок анын функцияларын КБТ да аткара алат.

КОЭАЧ Каржылык отчеттуулуктун эл аралык ченемдери

ЫДТ Ыкчам-диспетчердик топ

ААБЖ Алдын ала - болжомдонуучу жумуштар

КТЭ Коопсуздук техникасы эрежелери

ӨТБ Өндүрүштүк-техникалык бөлүмү

РЭТ Райондук электр тармактары

ТК Трансформатордук көмөкчордон


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

## Бөлүм 3. Жалпы жоболор

4. Чыңалуусу 0,4 кВ болгон көп батирлүү турак жай үйдүн ички электр тармактары 0,4 кВ электр чубалгыларынын комплекси, КБТ (НББТ), кабатуу бөлүштүрүүчү таксылар, эсепке алуу алеттердин жыйындысын болуп саналат жана өзгөрмө агын электр энергиясын бөлүштүрүү үчүн кызмат кылат. Негизги бөлүштүрүү башкаруу тактасы курамына электр энергиясын керектөөчүлөрдү өзүнчө ажыратууга мүмкүндүк берүүчү коргоо автоматы жана башкаруу түзүлүштөрү кирет. Негизги бөлүштүрүү башкаруу тактасы электр менен камсыздоо чыңалуусун топтук керектөөчүлөр боюнча бөлүштүрүү жүргүзүлөт (тепкич аянтчаларын, жертөлөлөрдү, чатырларды жарыктандыруу, лифт жабдуулары, өрт жана бүлүнүү белги берүүлөрдү, турак жайлар ж.б.).

5. Үй ичиндеги электр тармактарына имараттын ичинде жайгашкан инженердик жабдуулардын комплекси кирет:

- кириш жана киргизүү-бөлүштүрүү шкафтары, аларда коргоо, көзөмөлдөө жана башкаруу аппаратуралары орнотулган;

- үй ичиндеги электр жабдуулары жана жалпы керектөөчүлөрдүн электр кабылдагычтары үчүн үй ичиндеги электр менен жабдуу тармактары;

- кабат калканчтар, электр орнотуу буюмдары;

- тепкич клеткаларында, кабаттар коридорлорунда, вестибюльдерде, подъезддерде, лифт (тик ташыгыч) холлдорунда, таштандыларды чыгаруучу жайлардын жанында, жертөлөлөрдөгү жарыктанткычты кошкондо, аларды башкаруу үчүн коммутациялык жана автоматтык аппаратурасы менен жалпы үй жайлары үчүн жарык берүүчү түзүлүштөр.

6. Көп кабаттуу турак жайлардын электр тармактарын тейлөө электр тармактарынын райондоруна жүктөлдү, алар:

- турак жайлардын (үйлөрдүн) электр тармактарынын чендүү иштешин камсыз кылат, оңдоо жана техникалык тейлөө иштерин жүргүзөт;

- турмуш-тиричилик электр алеттеринин, компьютерлердин, телерадио аппаратуралардын зыян келтирбөө максатында электр тармагынын иштөө режиминин бузулушуна, алып келүүчү бузуулардын алдын алуу боюнча чараларды көрөт;

- коридорлордун, тепкич клеткаларынын, подъезддердин жана башка жалпы үй жайларынын жарык берүүчү түзүлүштөрдүн абалын көзөмөлдөнү жүзөгө ашырат;

- үйдүн электр жабдууларынын же тышкы электрокамсыздоо тутумунун бүтүндүгүнө, адамдардын коопсуздугуна, өрт коопсуздугуна, турмуш-тиричилик электр алеттердин, компьютерлердин, теле- жана радиоаппаратуралардын ишке жарамдуулугуна коркунуч келтирген



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

мүчүлүштүктөр аныкталганда, бузук жабдууну же тармактын бөлүгүн ката жоюлганга чейин өчүрүү боюнча чараларды көрүшөт;

- азыктандыруучу чубалгыларды өчүрүүгө жана/же берилүүчү электр энергиясынын параметрлерин сактабоого байланыштуу үй ичиндеги электр менен камсыздоо тутумунда бүлүнүү болгон учурда бузуктарды жоюу боюнча чараларды көрүшөт.

Электр жабдууларындагы жана электр тармактарындагы кемчиликтерди жоюу боюнча бардык иштер атайын ыкчам дептерге жазылууга тийиш.

РЭТ «Кыргызстан улуттук электр тармагы» ААК тарамдарындагы бүлүнүү жана бузуктарга байланыштуу электр менен жабдуудагы үзгүлтүктөр учурунда жоопкерчилик тартпайт.

Көп кабаттуу турак үйлөрдү ҮИЭТ модернизациялоо жана реконструкциялоо турак жайдын менчик ээси тарабынан жүзөгө ашырылат.

7. Чыңалуусу 380/220 В болгон нейтралдуу кубаттуу трансформаторлор менен иштеген үйлөрдө, азыктандыруучу линиянын нөлдүк жумушчу өткөргүчү жерге туташтыруучу өткөргүч катары колдонулушу керек.

8. Райондук электр тармагында (РЭТ) иштерди түздөн-түз жүргүзүү үчүн үй ичиндеги электр тармактарды техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча бригадалар түзүлөт. Бригадалар автоунаа каражаттар менен жабдылат, мында алар РЭТ ыкчам-диспетчердик топ (шууту тезгемерлик тобу) диспетчери менен туруктуу байланышты камсыз кылуучу көчмө радиостанция жана "Кыргыз мамлекеттик энергетика ишканасынын электр орнотмолорунда колдонулуучу коргоо каражаттары" ишканасынын СТП 460000.219.003-92 стандартына ылайык коргоочу каражаттар, жабдууларды техникалык тейлөө жана оңдоо өндүрүшү үчүн аспаптар, алеттер, сыноо алеттеры, кам-белендик бөлүктөр жана текзаттар менен жабдылышы керек.

9. Пайдалануу учурунда аныкталган бузулуктарды оңдоо эреже катары, кезектеги оңдоолордо же техникалык тейлөөдө жүргүзүлүшү керек. Бүлүнүүгө же иштен чыгууга алып келиши мүмкүн болгон бузулуулар колдонуудагы ченемдик-техникалык жана уюштуруу-методикалык директивалык документтерди эске алуу менен “Электр чордоонун жана тармактарын техникалык пайдалануунун Эрежелерине” ылайык токтоосуз четтетилиши тийиш.

10. ҮИЭТрын техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча иштерди уюштуруу жана жүргүзүү, ошондой эле ишкерсанга уруксат берүү коопсуздук техникалык эрежелери (КТЭ) жана "Кыргыз мамлекеттик энергетика ишканасынын электр орнотмолорунда колдонулуучу коргоо каражаттары" - СТП 460000.219.003-92 талаптарын сактоо менен аткарылышы керек.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН


Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

11. Жабдууларды оңдоого чыгаруу жана жана аны ишке киргизүү диспетчердик (тескөөрлүк) өтүнмөлөр боюнча жүргүзүлүүгө тийиш. Өтүнмөлөр РЭТ диспетчеринин өтүнмөлөр дептерине ыкчам (оперативдүү) баш ийүүсүнө ылайык катталууга тийиш. Өтүнмөлөр райондук электр тармактын башкы инженери тарабынан каралат, уруксат берилген өтүнмөлөр жабдууларды оңдоодон кийин, оңдоого чыгаруу жана ишке киргизүү күнүн жана убактысын көрсөтүү менен бекитилет. Ишти өтүнмөдө көрсөтүлгөн мөөнөттө бүткөрүү мүмкүн болбогон учурда (аба ырайы шарттары, күтүлбөгөн жумуштар, коопсуздук жагдайлар ж.б.), мындан ары өтүнмө ыкчам баш ийүүсүнө ылайык РЭТын диспетчер тарабынан узартылышы мүмкүн.

12. ҮИЭТ бригадалары жабдуулардын кам-белендик бөлүктөрү, материалдар жана түйүндөрдүн жана жабдуулардын алмашуу фонду менен колдонуудагы ченемдерге ылайык камсыз болушу керек. Кампадагы бардык кам-белендик тетиктердин жана жабдуулардын эсеби уюштурулушу керек. Алардын абалы мезгил-мезгили менен текшерилипп турушу керек.

13. Материалдардын жана жабдуулардын зарылдык камы жана кампа резерви түзүлүүгө тийиш. РЭТ боюнча буйрук менен материалдардын жана жабдуулардын зарылдык камын сактоочу жайлар аныкталууга жана аны сактоого жооптуу адамдар дайындалууга тийиш. Зарылдык кам сакталган жерлерде бекитилген тизме илинүүгө жана аны сактоого жооптуу адам көрсөтүлүүгө тийиш.

Зарылдык камдагы материалдарды жана жабдууларды пайдаланууда, ал кампанын резервинен толукталууга тийиш.

## Бөлүм 4. ҮИЭТ техникалык тейлөө

14. Техникалык тейлөө жабдууларды мөөнөтүнөн эрте эскирүүдөн сактону камсыз кылуучу иш-чаралардын комплексин, техникалык абалды көзөмөлдөө боюнча иштерди, жабдуулардын ишке жөндөмдүүлүгүн жана оңдуктулуугун сактоону, орнотууну жана жөнгө салууну камтыйт.

15. Техникалык тейлөөдө РЭТын башкы инженери бекиткен ишыраат боюнча электр тармактарын тышкы текшерүү жүргүзүлөт. Оңдоо болжомго киргизиле турган иштин көлөмү такталган жалпы текшерүүлөр жылына бир жолу жүргүзүлөт. Мезгил-мезгили менен текшерүүлөр РЭТын башкы инженери тарабынан бекитилген текшерүү ишырааттары боюнча кемчиликтерди өз убагында аныктоо жана жоюу максатында бардык жабдуулардын абалын дыкаттаптуу жана кылдат текшерүү үчүн сутканын күндүзгү убагында жүргүзүлөт.

Жарым-жартылай текшерүүлөрдү жүргүзүүдө карап чыгууга бөлүнгөн убакыттын ичинде оңдолушу мүмкүн болгон бузуктар жок кылынууга, четтетилиши керек. Кароолордун жыйынтыктары жабдуулардын


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 17-2, 24.02.2026
Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

техникалык абалын эсепке алуу боюнча документтерде (дептерде, атайын карточкаларда ж.б.) чагылдырылышы керек. Бул документтерде инженердик жабдуулардын техникалык абалын баалоо, аныкталган кемчиликтерди, ошондой эле кароодо жүргүзүлгөн оңдоолор жөнүндө маалыматтар камтылууга тийиш.

16. Кароо жүргүзүүчү адамдар жабдуунун бузулушуна алып келиши мүмкүн болгон иш бузулуулар жөнүндө ЫДТ (шууту тезгемерлик тобунун) жетекчилигине же нөөмөт диспетчерине токтоосуз билдирүүгө милдеттүү. ҮИЭТы кароодо табылган, анын ичинде мурдагы кароолордо аныкталган, бирок четтетилбеген бузуктар кароо жүргүзгөн адам тарабынан кароо баракчасына майда-чүйдөсүнө чейин жана так жазылууга тийиш, ал текшерүү аяктагандан кийин мастерге берилет. Карап чыгуу дептеринин жана жабдууларды карап чыгуу баракчасынын формалары 1 жана 2-тиркемелерде келтирилген.

Мастер кароо баракчасына кол коюуга, кароо дептерин бекитүүгө жана бардык кемчиликтерди кемчилик дептерине которууга, кемчиликтерди жоюу мөөнөттөрүн жана ыкмаларын көрсөтүүгө, ал эми эгерде алар жоюлса, бузуктук жоюлган күндү белгилөөгө милдеттүү. Бул дептерге РЭТтын инженер-техникалык кызматкерлери тарабынан ҮИЭТ кароодо аныкталган сын-пикирлер да киргизилиши керек. Кемчиликтер дептеринин формасы 3-тиркемеде келтирилген.

17. Кемчиликтер каттоо дептери ай сайын РЭТын жетекчилиги тарабынан дептерге кол коюу менен жазылып каралышы керек. Эгерде кемчиликтер белгиленген мөөнөттө жоюлбаган учурда дептерде жоюунун жаңы мөөнөтү белгиленет.

Кемчиликтер дептери РЭТ ЫДТа киргизилиши керек. Дептердин барактарына номер коюлуп чыккан, боо өткөрүлүп жана мөөр басылууга тийиш.

Кемчиликтердин тизмелеринин негизинде, кемчиликтер дептеринен оңдоо иштеринин көлөмүн аныктоо керек.

18. Техникалык тейлөөдө жумуштардын төмөнкү түрлөрү аткарылат (зарыл болгон учурда бул тизме толукталууга тийиш):

- кароо, текшерүү;
- жабдуулардын параметрлерин жана изоляциялык мүнөздөмөлөрүн сыноо, көзөмөлдөө жүргүзүү;
- КБТ, НББТ ошиновкасы;
- сүрүлүүчү түйүндөрдү жана элементтерди майлоо;
- байланыш бирикмелеринин кайра карап чыгуу;
- жүктөмдү жана чыңалууну өлчөө;
- өрт сигнализациясынын жана өрт өчүрүүнүн автоматтык системаларынын зымдарын жана кабелдерин текшерүү (изоляциянын каршылыгын өлчөө, байланыш линияларынын бүтүндүгүн текшерүү);
- коопсуздукту камсыз кылуу үчүн техникалык тейлөөнү ӨКМ лицензиясы бар адистерди тартуу менен жүргүзүү сунушталат;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- аныкталган кемчиликтерди жана бүлүнүү очокторду жоюу;
- жарыктандырууну оңдоо, электр башкаруу бөлмөлөрүн тазалоо;
- коопсуздук техника боюнча диспетчердик аталыштардагы жазууларды жана плакаттарды жаңылоо;
- изоляторлорду, эсептөө алеттерин алмаштыруу;
- болот конструкцияларын сырдоо;
- бекиткичтердеги бош жерлерди, салбырап түшүүлөрдү жана кыйшаюуларды, биркалардагы жана плакаттардагы жазуулардын абалын текшерүү;
- зымдардын жана кабелдердин ысытуунун, изоляциянын бузулушун, калибрленген кыстырмалардын жана сактандыргычтардын болушун текшерүү;
- айры уялардын жана өчүргүчтөрдүн ишке жарамдуулугун текшерүү, жерге туташтыруу абалын көзөмөлдөө жүргүзүү;
- электр техникалык түзүлүштөрдүн анча чоң эмес бузуктарын жоюу (коомдук жайларда күйүп кеткен чырактарды сүртүү жана алмаштыруу, айры уяларды жана өчүргүчтөрдү алмаштыруу же оңдоо, электр зымдарын майда оңдоо ж.б.);
- кулпулардын, жазуулардын жана плакаттардын болушу;
- сактандыргычтарды текшерүү жана алмаштыруу;
- кошоорду (шап) жана автоматтык өчүргүчтөрдү оңдоо жана жөндөө;
- экинчилик чынжырды оңдоо;
- паспорттук маалыматтарды тактоо.

19. Профилактикалык текшерип көрүү, текшерүүлөр, өлчөөлөр жана сыноолор.

Профилактикалык текшерүүлөр жана жабдууларды текшерүү жылына бир жолу жүргүзүлөт.

Техникалык тейлөө боюнча төмөнкү ченемдик укуктук иштер жүргүзүлөт:

- коргоо жана автоматика түзүлүштөрүнүн корпустарын булгоочу заттардын жана бузулуулардын болушу визуалдык текшерип көрүү жана көзөмөлдөө;

- айрым тетиктердин, анын ичинде бекитүү түйүндөрдүн, коргоочу панелдердин жана бөгөтөө элементтердин визуалдык текшерүү жана көзгө көрүнгөн кемчиликтерди жоюу (оңдоо же алмаштыруу).

Турак үйдүн электр жабдууларын электр менен өлчөө үч жылда бир жолу цикл менен ишыраатка ылайык жүргүзүлөт.

Жерлештирүүчү өткөргүчтөрдүн, жерге туташтырылган орнотмолор жана нейтралдуу жерлештирилген жерге туташтырылган түзүлүштөрдүн элементтеринин ортосундагы чынжырдын бар экендигин текшерүү менен 1000 В чейинки чыңалуудагы электр зымдарын жана кабелдик чубалгыларды изоляциялоонун каршылыгын өлчөө жүргүзүлөт.


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Электр жабдууларын тейлөөдө колдонулуучу электр шайманынын жогорку кооптуулугу жок жайларда иштөө үчүн номиналдык чыңалуусу 220 В жогору эмес, ал эми жогорку кооптуулугу бар бөлмөлөрдө иштөө үчүн 42 В жогору эмес номиналдык чыңалуусу ээ болууга тийиш. Электр аспаптары кеминде алты айда бир жолу 500 В мегомметр менен изоляциянын минималдуу жол берилген каршылыгына текшерилип сыналышы керек. Изоляциянын каршылыгы ченемдерге жооп бериши керек.

## Бөлүм 5. Үй ичиндеги электр тармактарды оңдоо

20. Үй ичиндеги электр тармактарын техникалык тейлөө жана оңдоо системасы тейлөөнүн жана оңдоонун төмөнкү түрлөрүн карайт:

- техникалык тейлөө;
- утурумдук оңдоо;
- капиталдык оңдоо.

21. Жабдууларды учурдагы оңдоодо техникалык жана экономикалык жактан негизделген чен-өлчөмдөрдү жана чендөөлөрдү белгилөө менен тетиктерин жана түйүндөрүн иштөө мөөнөттөрүн изилдөөгө жана талдоого негизделген.

Инженердик жабдуулардын үй ичиндеги системаларын утурумдук оңдоо алдын ала болжомдонуучу жумуштар (мындан ары - ААБЖ), (анын ичинде электрощиттик турак жай имаратынын ААБЖ, электр тармактарынын ААБЖ жана техникалык жашырын жайдын электр жарыгы, турак жай үйдүн кире беришиндеги ААБЖ), ошондой эле пайдалануу учурунда пайда болгон майда бузулууларды жоюу боюнча иштерди жүргүзүүнү карайт.

Электрокамсыздоо системаларын утурумдук оңдоо боюнча иштер:

- электр тармагынын бузук участокторун алмаштыруу;
- зымдарды жана өткөрмөлөрдү жарым-жартылай алмаштыруу;
- иштен чыккан электр орнотуу буюмдарын алмаштыруу (ажыраткычтар, айры уялар, дубалга жана шыпка орнотулган электр тетик бекиткич, патрон);
- кызытуучу шам жана люминесценттик (муздак жаркыраткыч) чырактар үчүн жарыктанткычтарды алмаштыруу;
- киргизүүчү-бөлүштүрүүчү түзүлүштөрдүн сактагычтарын, автоматтык өчүргүчтөрүн, пакеттик кошуп-ажыраткычын алмаштыруу;
- изоляциянын каршылыгын өлчөө;
- убакыт релесин, агын релесин алмаштыруу;
- электр өчүргүчтү (кошоорду, шапты) алмаштыруу;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- магниттик иш баштагычты алмаштыруу;

- штепсель ажырымын алмаштыруу.

22. Киргизүү-бөлүштүрүүчү түзүлүштүн оңдоо жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгү 8 жылда бир жолу, ҮИЭТ оңдоо иштерин жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгү - үч жылда бир жолу.

23. Жабдууларды учурдагы оңдоодо техникалык тейлөө боюнча бардык иштери аткарылат, мындан тышкары, эскирген тетиктерди жана элементтерди оңдоо же аларды бышык, үнөмдүү жана ишенимдүү менен алмаштыруу, электр жабдууларынын жана тармактын пайдалануу мүнөздөмөлөрүн калыбына келтирүү жолу менен жабдуунун же анын элементтеринин баштапкы эксплуатациялык көрсөткүчтөрүн жана параметрлерин сактоо же калыбына келтирүү боюнча иш-чаралардын комплекси жүргүзүлүүгө тийиш.

24. Айрым тез эскирүүчү курамдык бөлүктөрдү жана тетиктерди алмаштыруу жана (же) калыбына келтирүү менен жабдуулардын техникалык-экономикалык мүнөздөмөлөрүн белгиленген чектерде сактоо үчүн ошондой эле анын майда оңдоо иштери аткарылат.

25. Үй ичиндеги электрокамсыздоо системаларын капиталдык оңдоого электр зымдарын жана киргизүү - бөлүштүрүү түзүлүштөрүн алмаштыруу кирет. Жаңы үйдүн, кире бериштин, кабат бөлүштүрүүчү электр калканчтар орнотулат, коргоочу аппаратуралар алмаштырылат. Бул ошондой эле имараттардын жалпы жарыктандыруу, бүлүндүк жана тышкы жарыктандыруу тармактарын алмаштырууну камтыйт. Системанын натыйжалуулугун жана үнөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн фотоөчүргүчтөр жана башка заманбап жабдуулар орнотулушу мүмкүн болот.

## Бөлүм 6. ҮИЭТ техникалык тейлөөнүн жана оңдоонун ченемдик бөлүгү

26. ҮИТ электроокамсыздоо системаларын техникалык тейлөө боюнча иштеринин убакыт ченемдери.

Жадыбал тизмек 1

| № | Иштин аталышы жана курамы | Өлчөө бирдиги | Шилте-менин курамы | Жумушчу даражасы | Адам/саат өлчөө бирдигине убакыт ченеми |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 1. | Күйүп кеткен электр чыракты алмаштыруу:<br>- чырак жабдыкты алып | 1 электр чырак | Электр жабдуу-ларын оңдоо жана | III | 0,095 |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 17-2, 24.02.2026 Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | салуу (зарыл болсо);<br>- күйүп кеткен чыракты айры уядан буроо;<br>- жаңы электрлик чырагын буроо;<br>- чырак жабдыкты орнотуу (зарыл болсо);<br>- электрлик чырагын иштешин текшерүү | | тейлөө боюнча электр эпкери | | |
| 2. | Айры уяларды жана өчүргүчтөрдү оңдоо:<br>- айры уя же өчүргүчтү ажыратуу;<br>- күйгөн электрдик тийимды алмаштыруу;<br>- бардык тийимдерды тазалоо жана майлоо;<br>- бекиткичтерди текшерүү;<br>- айры уя же өчүргүчтү чогултуу;<br>- иштөөнү текшерүү жана жөнгө салуу | 1 айры уя (электр ажырат-кыч) | Электр жабдуу-ларын оңдоо жана тейлөө боюнча электр эпкери | III | 0,7 |
| 3. | Электроөткөргүчтөрүн майда оңдоо, электр зымдарынын изоляциясын текшерүү жана аны бекемдөө | 1 м | « - « | III | 0,05 |
| 4. | Ванналардын жерге туташтырылышын текшерүү | 1 ванна | « - « | III | 0,08 |
| 5. | Кабель кабыгынын жерге туташуусун текшерүү | 1 м | « - « | III | 0,02 |
| 6. | Электр тармактарынын линияларын, арматураларды жана электр жабдууларын текшерип көрүү. Электр тармактарынын линияларынын жана арматураларынын, топтук бөлүштүрүүчү жана коопсуздук калкандарын жана өткөөл кутуларын, күч орнотмолорунун абалын текшерүү:<br>- батирлердеги электр тармактары, электр жабдуулары, арматура | 1000 $м^2$ турак жай аянты | Электр жабдуу-ларын оңдоо жана тейлөө боюнча электр эпкери | IV | 8,0 |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 7. | - дагы, тепкич клеткаларында | 1 тепкич аянт | « - « | IV | 0,09 |
| 8. | - күч орнотмо | электр - мотор | « - « | IV | 0,5 |

27. Электрокамсыздоо системаларын оңдоо боюнча иш убактысынын ченемдери

Жадыбал тизмек 2

| № | Иштин аталышы жана курамы | Өлчөө бирдиги | Шилте-менин курамы | Жумуш-чулардын даражасы | Адам/саат өлчөө бирдигине убакыт ченеми |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Имараттын электр тармагынын бузук участокторун алмаштыруу:<br>- зымдарды бириктирүүчү калкандардын жана кутучалардын кыскычтарынан ажыратуу;<br>- түтүктөрдөн жана каналдардан зымдарды тартуу;<br>- зымдын учтарын бөлүштүрүүчү калкандын жана кутучалардын кыскычтарына бекитүү.<br>Зымдагы өткөргүчтөрдүн саны жана кесилиши, мм$^2$:<br>- 2 x 1,5; 2 x 2,5<br>- 3 x 1,5; 3 x 2,5 | 1 м электр-дик өткөр - гүч (зым) | Электр жабдуу-ларын оңдоо жана тейлөө боюнча электр эпкери | III | 0,2<br>0,25 |
| 2. | Иштен чыккан электр ортотуу буюмдарын алмаштыруу (айры уялар, өчүргүчтөр ) :<br>- жарык тармагынан ажыратуу менен өчүргүчтү же айры уяны алып салуу;<br>- жарык тармакка туташтырылган жаңы өчүргүчтү же айры уяны орнотуу; | 1 алет | Электр жабдуу-ларын оңдоо жана тейлөө боюнча электр эпкери | III | 0,19 |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | - өчүргүчтүн же айры уянын иштешин текшерүү | | | | |
| 3. | Кызытуучу чырактар үчүн жарыктанткычтарды алмаштыруу:<br>- дубал чырак же шамчыракты алып салуу;<br>- электр зымдарынан ажыратуу жана дубал чырак же шамчыракты орнотуу үчүн арматураны алып салуу;<br>- электр зымдарына туташтыруу менен жаңы шамчыракты же дубал чыракты орнотуу;<br>- электр чырагын бурап коюу;<br>- шамчырактын же дубал чырагын иштешин текшерүү | 1 жарык-танткыч (дубал чырак) | « - « | III | 0,46 |
| 4. | Муздак жаркыраткыч чырак үчүн жарыктанткычтарды алмаштыруу: - чырак жабдыкты же таркоону алып салуу (зарыл болсо);<br>- иштебей калган жарык булагын алып салуу;<br>- жаңы жарык булагын орнотуу;<br>- чырак жабдыкты же таркону орнотуу (зарыл болсо);<br>- жарыктанткычын иштешин текшерүү | 1 жарык-танткыч | Электр жабдуу-ларын ондоо жана тейлөө боюнча электр эпкери | III | 0,5 |
| 5. | Сактагычтарды алмаштыруу:<br>- сактандыргычты алып салуу;<br>- кыскычтардын тийимдерин тазалоо, жаңы сактандыргычты орнотуу | 1 сакта-гыч | « - « | III | 0,075 |
| 6. | Автоматтык өчүргүчтөрдү алмаштыруу:<br>- берүүчү шиналарды (зымдарды) өчүргүчтөн ажыратуу, өчүргүчтү бошотуу жана алып салуу;<br>- жаңы өчүргүчтү орнотуу | 1 электр ажырат кыч, өчүргүч | « - « | III | 1,06 |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жана бекитүү, жеткирүүчү өткөрмөөлөрдү (зымдарды) өчүргүчкө туташтыруу | | | | |
| 7. | Киргизүү - бөлүштүрүү түзүлүштөрүнүн пакеттик көтөргүчтөрүн алмаштыруу:<br>- жеткирүү кабелднрин көтөргүчтөн ажыратып алуу;<br>- көтөргүчтү бошотуу жана алып салуу;<br>- жаңы кошуп- ажыраткычты орнотуу жана бекитүү, жеткирүү кабелдерин туташтыруу | 1 көтөр-гүч<br>(кошуп-ажырат-кыч) | Электр жабдуу-ларын оңдоо жана тейлөө боюнча электр эпкери | III | 0,44 |
| 8. | Калкандарды алмаштыруу:<br>- калкан капкагын алып салуу;<br>- азыктандыруу жана пайдалануу линиясынын зымдарын ажыратуу;<br>- бекиткичтерди алып салуу;<br>- калканчты алып салуу;<br>- аны бекитүү менен жаңы калкан орнотуу;<br>- азыктандыруу жана пайдалануу линияларын кошуу;<br>- калкандын иштешин текшерүү | 1 калкан (щит) | « - « | III | 3,04 |
| 9. | Калкандарды оңдоо:<br>- калканчтын капкагын алып салуу;<br>- калканчты текшерип көрүү;<br>- иштебей калган элементтерди алмаштыруу;<br>- калканчты сүртүү;<br>- калканчтын иштешин текшерүү | 1 калкан (щит) | « - « | III | 3,24 |
| 10 | Тетиктерди алмаштыруу :<br>- бекитүүчү тетиктерин алып салуу жана жараксыз тыгындарды алуу салуу;<br>- жаңы тыгындарды орнотуу;<br>- бекитүүчү тетиктерди | 1 тетик бекит-кич | Электр жабдуу-ларын оңдоо жана тейлөө | II | 0,41 |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 17-2, 24.02.2026

Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | орнотуу;<br>- илгичтер жана жупбуроолор;<br>- турумлар | | боюнча электр эпкери | | 0,73 |
| 11 | Дубал же асман-шып тетик бекиткичин алмаштыруу:<br>- жараксыз тетик бекиткичин жана жарыктандыруу тармагынан ажыратуу менен алуу;<br>- жарыктандыруу тармагына туташтыруу менен жаңы тетик бекиткичти орнотуу;<br>- тетик бекиткичин иштешин текшерүү:<br>1) ачык арматурада;<br>2) герметикалык арматурада | 1 тетик бекит-кич | Электр жабдуу-ларын ондоо жана тейлөө боюнча электр эпкери | II | 0,26<br>0,29 |
| 12 | Тармактардын изоляциясынын каршылыгын өлчөө:<br>- алетты электр зымдарына жана изоляцияга туташтыруу;<br>- каршылыкты өлчөө жана алеттин көрсөткүчтөрүн жазуу;<br>- алетти электр зымдарынан жана изоляциядан ажыратуу | 1 бөлүк, участок | « - « | III | 0,56 |
| 13 | Убакыт релесин алмаштыруу:<br>- жеткирүү зымдарды ажыратуу, релени бошотуу жана чыгаруу;<br>- жеткерүүчү зымды туташтыруу, жаңы убакыт релесин орнотуу жана бекитүү | 1 убыкыт реле | « - « | III | 0,25 |
| 14 | Кошооргучту (электр өчүргүчтү, шапты) алмаштыруу:<br>- жеткирүү кабелдерди өчүргүчтөн ажыратып, тартууну, иштеткичтин негизин, өчүргүчтүн туткасын | 1 кошоор, шап, электр | Электр жабдуу-ларын ондоо жана тейлөө боюнча электр эпкери | III | 0,67 |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | женилдетүү<br>жана алып салуу;<br>- жаңы өчүргүчтү орнотуу жана бекитүү, иштеткич негизи менен тутkalары, тартууну, камсыздоо кабелдерин туташтыруу | өчүргүч | | | |
| 15 | Электромагниттик тийим кошкучторду алмаштыруу:<br>-жеткирүү шиналарды ажыратуу, тийим кошкучторду бошотуу жана алып чыгаруу;<br>- жаңы тийим кошкучторду орнотуу жана бекитүү, жеткирүү шиналарды жана зымдарды туташтыруу | 1 тийим кошкуч | « - « | III | 0,64 |
| 16 | Магниттик иш башта-гычтарды алмаштыруу:<br>- капкакты жеңилдетүү<br>жана алып салуу, жеткирүү зымдарын ажыратуу, жерге туташтыруу жана магниттик иш башта-гычты алып салуу;<br>- жаңы магниттик иш баштагычты орнотуу жана бекитүү, жеткирүү зымын туташтыруу, жерге туташтыруу жана капкакты бекитүү | 1 иш башта-гыч | « - « | III | 0,7 |
| 17 | Шайма-шай электрлик кошкучту алмаштыруу:<br>- жеткирүү зымдарын ажыратуу, электрлик кошкучту ажыратуу жана алып салуу;<br>- жаңы электрлик кошкучту орнотуу жана бекитүү, жеткирүү зымдарын туташтыруу | 1 шайма-шай электр-лик кошку (кошуп-ажырат-кыч) | Электр жабдуу-ларын ондоо жана тейлөө боюнча электр эпкери | III | 0,38 |
| 18 | Башкаруу ачкычтарын алмаштыруу:<br>- жеткирүү зымдарын ажыратуу, башкаруу ачкычын бошотуу жана алып салуу; | 1 | « - « | III | 0,31 |


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | - жаңы башкаруу ачкычын орнотуу жана бекитүү, жеткирүү зымдарын туташтыруу. | башка-руу ачкыч | | | |
| 19 | Башкаруу нукууруну алмаштыруу:<br>- жеткирүү зымдарды ажыратып, нукуурасын бошотуу жана ажыратып алуу;<br>- жаңы нукууруну орнотуу жана бекитүү, жеткирүү зымдарын туташтыруу | 1<br>башка-руу<br>нукуу-ру | « - « | III | 0,22 |
| 20 | Аралык релени алмаштыруу:<br>- жеткирүү зымдарды ажыратуу, релени ажыратуу жана чыгарып алуу;<br>- жаңы реле орнотуу жана бекитүү, жеткирүү зымдарын кошуу | 1<br>реле | Электр жабдуу-ларын ондоо жана тейлөө боюнча электр<br>эпкери | III | 0,23 |
| 21 | Релелерди алмаштыруу (көрсөтүүчү белги берүүчү түзмөктөр):<br>- жеткирүү зымдарды ажыратуу, релени бошотуу жана алып салуу;<br>-жаңы релени орнотуу жана бекитүү, жет кирүү зымдарын туташтыруу | 1<br>реле | « - « | III | 0,25 |
| 22 | Чыңалуу релесин алмаштыруу:<br>- жеткирүү зымдарды ажыратуу, релени бошотуу жана алып чыгаруу;<br>- жаңы релени орнотуу жана бекитүү, жеткирүү зымдарын кошуу | 1<br>реле | « - « | III | 0,25 |
| 23 | Агын релесин алмаштыруу:<br>- жеткирүү зымдарды ажыратуу, релелерди ажыратуу жана чыгаруу;<br>- жаңы реле орнотуу жана бекитүү, жеткирүү зымдарын кошуу | 1<br>реле | « - « | III | 0,22 |
| 24 | Жылуулук релесин | | | | |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | алмаштыруу:<br>- жеткирүү зымдарды ажыратуу, релени бошотуу жана чыгаруу;<br>- жаңы релени орнотуу жана бекитүү, жеткирүү зымдарын кошуу | 1<br>реле | « - « | III | 0,22 |
| 25 | Эсептөө алеттерин (электирдик санагыч) алмаштыруу:<br>- эски эсептегичтен зымдарды ажыратуу;<br>- эски эл. санагычти демонтаждоо;<br>- жаңы эсептегичти орнотуу жана кошуу;<br>- анын ишин текшерүү | 1<br>электир-дик<br>санагыч | Электр жабдуу-ларын ондоо жана тейлөө боюнча электр<br>эпкери | III | 0,25 |

28. Электрокамсыздоо тутумдарын тейлөө жана ондоо боюнча ирилештирилген тейлөө ченемдери.

Тейлөөнүн ирилештирилген ченемдери 40 сааттык жумуш жумасында иш убактысынын жылдык ченеминин ичинде тиешелүү кесиптеги бир жумушчу аткарган иштин көлөмүндө белгиленген жана жумуш убактысын кыйла толук жана максатбаптоо (сарамжалдуу) пайдаланууну эске алуу менен иштелип чыккан.

Ченемдер жумушчулардын кесиптери жана имараттардын топтору боюнча аларды иштөө мөөнөттөрүн эске алуу менен дифференциалдуу белгиленген.

Бул ченемдер менен үй ичиндеги инженердик жабдуулардын пайдалануу сапаттарын колдоо үчүн зарыл болгон электрокамсыздоо тутумдарына техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча иштердин комплексин жүзөгө аткаруу каралган.

Жадыбал тизмек 3

| Жумушчулардын негизги кесиптеринин аталышы | Бирдиги өлчөөлөр | Имараттарды пайдалануу мөөнөтү, жылдар | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 10чейин | 11ден 30 | бүтту 31 |
| | | Тейлөө чен-өлчөмү | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| Ондоо жана тейлөө боюнча электр эпкери:<br>- электр зымдары ачык үйлөрдөгү | | | | |



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 17-2, 24.02.2026

Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| электр жабдуулары; | батир | - | - | 1000 |
| - электр зымдары жашырылган үйлөрдө; | батир | 2350 | 2250 | 2200 |
| - күчтүк электроорнотмо; | даана | 60 | 50 | 40 |
| - жарык үй белгилери жана көчө белгилери | даана | 150 | 150 | 150 |

*Эскертүү: Жумушчулардын ченемдик санын эсептөөдө имараттын жалпы аянтына батирлердин жалпы аянты, жалпы пайдалануудагы орундардын жалпы аянты (кабат аралык тепкичтер, тепкичтер, коридорлор), турак эмес жайлардын жалпы аянты кирет (соода, кампа, өндүрүш, кызматтык,кеңсе, маданий-тиричилик жайлар). Мында, жалпы пайдалануудагы жерлердин жана турак эмес жайлардын жалпы аянты 0,5 коэффициент менен эсепке алынат.*

## Бөлүм 7. Техникалык тейлөө жана оңдоо иштерин пландаштыруу

29. Оңдоп-түзөө иш аралык мөөнөттөргө жараша РЭТа жылдар боюнча жумуштын көлөмүн бирдей бөлүштүрүүнү камсыз кылууну эске алуу менен ҮИЭТ техникалык тейлөөнүн жана оңдоолордун көп жылдык (келечектүү) ишырааттары иштелип чыгышы керек.

30. Көп жылдык оңдоо жана техникалык тейлөө ишыраттарын ҮИЭТ мастери тарабынан түзүлөт, өндүрүштүк-техникалык бөлүм (ӨТБ) менен макулдашылып жана башкы инженер тарабынан бекитилүүгө тийиш.

31. ҮИЭТ техникалык тейлөө жана ондоо боюнча иштердин бардык түрлөрүнө оңдоо иштеринин көп жылдык ишыраатарынын, жабдууларды сыноонун жана кароонун жыйынтыктарынын, профилактикалык өлчөөлөрдүн, ондоо жана тейлөө боюнча иштердин белгиленген мезгилдүүлүгүнүн негизинде жылдык план-ишырааттар түзүлүүгө тийиш.

32. Жылдык план-ишыраттардан улам, ар бир айдын алдында ҮИЭТ бригадасынын айлык иш пландары (мерчем) түзүлүүшү керек. Айлык иш мерчемдерине жабдууларда белгиленген кечиктирүүгө болбой турган кемчиликтерди четтетуу боюнча жумуштар да камтылууга тийиш.

33. Жылдык жана айлык план-ишыраттар РЭТ тарабынан иштелип чыгат, ӨТБ менен макулдашылат жана башкы инженер тарабынан бекитилет.

34. Жылдык план-ишыраттарга киргизилген жабдууларды оңдоонун бардык түрлөру үчүн сметалар түзүлүшү керек, алардын негизинде ондоо иштерине кеткен чыгымдардын көлөмү акчалай туюнтулушу аныкталат.

35. Техникалык тейлөөнүн жылдык план-ишыраттарынын жана ондоо иштеринин сметаларынын негизинде кийинки жылга бизнес-план түзүлөт, ал келерки жылга электр энергиясына кызмат бааларды негиздөөдө

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 17-2, 24.02.2026
Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

чыгымдарды аныктоо үчүн тиешелүү бөлүмдөр жана кызматтар менен макулдашылууга жана бекитилүүгө тийиш.

36. Жабдууларды техникалык тейлөөнүн жана оңдоонун айлык мерчемдеринин (пландарынын) негизинде көмөкчордондордун жабдууларын пландуу өчүрүүлөрдүн айлык ишыраттары түзүлүүгө тийиш.

## Бөлүм 8. Бүлүнүү-калыбына келтирүү иштери

37. Бүлүнүү-калыбына келтирүү иштери мерчем (пландан) тышкары жүргүзүлүүгө тийиш.

38. Ыраспалык (бүлүнүү, авариялык) бузулууларды жоюу боюнча иштин көлөмү зыяндын мүнөзү, көлөмү жана орду жөнүндө маалыматтардын негизинде аныкталышы керек.

39. Жабдуулардын авариялык токтоп калууларын кыскартуу жана аны тез арада ишке киргизүү боюнча уюштуруу-техникалык иш-чаралардын комплексин иштеп чыгуу зарыл. Бул үчүн ишкерсанды калыбына келтирүү иштеринин өндүрүш ыкмаларына жана технологияларына окутуу (бүлүнүү каршы машыгуулар) жүргүзүлүүгө, материалдар жана жабдуулар даярдалууга, бригадаларды жумуш ордуна тезирээк жеткирүү маршруттары белгиленүүгө, диспетчер менен иштин жетекчилеринин, жумуштарды өндүрүүчүлөрдүн жана бригадалардын ортосунда так байланыш жөнгө салынууга тийиш .

40. Бузулууларды жоюу үчүн материалдардын жана жабдуулардын зарылдык камы түзүлүшү керек.

41. Зарылдык камдагы материалдарды мерчем оңдоо иштерине пайдаланууга жол берилбейт.

42. Материалдардын жана жабдуулардын зарылдык камы жаңы объекттерди курууга бөлүнгөн каражаттардын эсебинен түзүлөт жана оңдоого бөлүнгөн каражаттардын эсебинен толукталат.

43. Зарылдык камды толуктоо үчүн бүлүнүү учурунда бүтүн калган жана жоюу процессинде демонтаждалган материалдар жана жабдуулар колдонулушу мүмкүн.

44. Зарылдык камы материалдардын саны жана түрлөрү ишкананын жетекчилиги тарабынан бекитилиши керек

45. Бүлүнүү - калыбына келтирүү иштерине сарпталган материалдардын жана жабдуулардын камы мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө толукталууга тийиш.

46. Бүлүнүү - калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү үчүн төмөнкү документтер таризделет:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- кемчиликтүү тизме;

- смета, өндүрүш чыгымдары;

- аткарылган иштер боюнча пайыздык акт;

- материалдарды эсептен чыгаруу жөнүндө акт.

47. Сметаларды жана пландан тышкаркы иштердин актыларын берүүдө, жабдуулардын бүлүнүү абалын ырастаган документтер тапшырылышы керек (ыкчам дептердин көчүрмөлөрү, кемчиликтүү тизме ж.б.).

## Бөлүм 9. ҮИЭТ техникалык тейлөө жана ондоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштердин иш кагаздарды түзүү жана бекитүү тартиби

48. Жабдууларды оңдоону тариздөө үчүн төмөнкү иш кагаздар талап кылынат.

Кемчиликтүү тизме - текшерүүлөрдүн маалыматтарынын (кароо баракчалары боюнча) жана кемтик дептеринин, ошондой эле өлчөөлөрдүн, текшерүүлөрдүн жана сыноолордун жыйынтыктарынын негизинде түзүлөт жана оңдоодон мурунку жылдын 1-сентябрынан кечиктирилбестен өндүрүштүк-техникалык бөлүмгө берилет.

